# 5000 СОМ НОМИНАЛЫНДАГЫ БАНКНОТТУН АНЫКТЫГЫНЫН БЕЛГИЛЕРИ

**1. SPARK.** Банкнотту колго алып, оң-солго кыймылдатып көрүдө номиналдагы көлөмдүү цифралар кочкул жашыл түстөн ачык жашыл түскө өзгөрөт. Банкнотту өйдө-ылдый кыймылдатып көрүүдө номиналдын саны жашыл түстөн көк түскө өзгөрөт.

**2.** Жарыкка салып кароодо жалпы сызык түрүндө көрүнгөн, «5000 сом» деген жазууну камтыган көзөнөкчө түрүндөгү коргоо тилкеси банкнотту ар бир бурчунан алып кароодо кызыл түстөн жашыл түскө өзгөрөт




**3.** Кыргыздын улуттук оюу-чиймесинин **рельефтик сүрөттөлүшү** сары түстүн алкагында өзүнчө бөлүнүп көрүнөт.

**4. Көмүскө сүрөттөлүш -** банкнотту кыймылдатып көрүүдө анда «5000» деген сан пайда болот.

**5. Суу белгиси -** банкноттогу портретке дал келген, түстөрдүн айкалышында чагылдырылган атайын белги. Сан менен берилген номиналдын электротиби.

**6.** Банкноттун арткы бетиндеги **иридисценттик тилке** «5000» деген сандан жана «КЫРГЫЗ БАНКЫ» деген жазуудан турат.




Эгерде Сиз, колуңуздагы банкноттун аныктыгына шектенсеңиз, аны Мамлекеттик Финансылык полиция кызматынын жакын жайгашкан бөлүмүнө же Улуттук банкка тапшырууңуз зарыл.

Кыргыз Республикасынын улуттук валютасынын шектүү банкнотторун экспертизага кабыл алуу Улуттук банк тарабынан күн сайын, дүйшөбүдөн жумага чейин, саат 9.00дөн 12.00гө чейин жүргүзүлөт. Экспертиза акысыз ишке ашырылат жана 5 жумуш күнү ичинде бүткөрүлүүгө тийиш.

Маалыматтар үчүн телефондор: 66 91 41, 66 91 48